Ош мамлекеттик университититнин математика жана информациялык технологиялар факультетинин колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасында өткөрүлгөн кеңешменин

**ПРОТОКОЛУ**

7– июнь, 2024 – жыл.(230 аудитория, саат 14-00)

Төрөга: Жолдошов Т.М

Катчы: Абдывоситова А.

**Катышкандар:** кафедранын бардык мүчөлөрү

*Күн тартиби:*

*3) Ар түрдүү маселелер*

**"510200 – Колдонмо математика жана информатика" PhD билим берүү программасын негизги билим берүү программасын иштеп чыгуу жана бекитүү жөнүндө**

*Угулду: Кафедра башчысы, программа жетекчи, доцент Т. Жолдошов:*

Бүгүн кафедранын чогулушу PhD билим берүү программасына ылайык негизги билим берүү программасын (НББП) иштеп чыгууга багытталган. Иш берүүчүлөрдүн берген сунуштары сиздерге таркатылып берилди. Сунуштарды күтөмүн.

Кафедра башчысы тарабынан бүгүнкү жыйындын планы айтылып, 510200 “Колдонмо математика жана информатика” PhD билим берүү багытынын негизги билим берүү программасын түзүүдө аткарылууга жаткан пункттары боюнча кеңири маалымат берди.

**Жарыш сөз:**

**Пирматов А. (кафедранын доценти):**

Алдынкы жылдардагы компетенциялар, окутуунун натыйжалары ошондой эле билим берүү программасынын максаттары иш берүүчүлөр сунуштаган дисциплиналарды толук кандуу камтыйт. Мына ошол себептүү максатты, окутуунун натыйжаларын озгөрүүсүз эле кабыл алсак.

**Камалов С. ( кафедранын окутуучусу, докторант):**

Негизги билим берүү программасынын (НБПП) структурасы компетенцияларга багыттоону жана модулдук принципке негизделишин сунуштайм. Ошондой эле жаңы кирилүүчү дисципиналардын силлабустары менен таанышып чыгуу менен окутуунун натыйжаларына шайкеш келүүсүн карап чыксак.

**Шамшиева Г. (кафедранын улук окутуучусу):**

Баалоо билим берүү процессинин сапатын көзөмөлдөөнүн негизги куралы катары каралышы керек. Бул талапты дайыма баса белгилеп келемин. Ал эми азыркы учурга келсек,

бул жаңы кийирилген дициплиналар да алдынкы кабыл алынган окутуунун натыйжаларына эле камтылат.

Кафедра мүчөлөрүнө НБППны түзүүдө алар аткаруучу жумуштарды бөлүштүрүү менен төмөнкү токтом кабыл алышты.

**ТОКТОМ:**

1) 510200 “Колдонмо математика жана информатика” PhD билим берүү багытын ачууда сунушталган компетенцияларды негизги билим берүү программасын түзүүдө ББП максатын, окутуу натыйжаларын өзгөртүүсүз кабыл алынсын;

2) Негизги билим берүү программасын түзүүдө окуу жайдын ички жобосу жетекчиликке алынсын.

ОшМУнун окуу-методикалык бирикмесине сунуштоо, сунушталган жумуштарды аткаруу кафедра башчысы Т. Жолдошовго жүктөлсүн.

Төрага: Т. М. Жолдошов

Катчы: А. Абдивоситова